
р.
63.3кырг
Э74

*Турдумамат Эргешов*

# *Кызыл-Суу айылынын аймагында катылган тарыхый эстеликтер*



**Бишкек – 2025**

63.3 кырг
Э 74

Кыргыз Республикасынын тарыхчылар ассоциациясы

Турдумамат Эргешов

# Кызыл-Суу айылынын аймагында катылган тарыхый эстеликтер

Токтогул Сатылганов атындагы
Ош облустук китепкана
МЕКЕН ТААНУУ
БОРБОРУ

Токтогул Сатылганов
атындагы
Ош облустук китепкана
ИНВ № 487833

«Мезгил»
Бишкек – 2025

УДК 94 (100-87)
ББК 63.3 (5 Кир)
Э 50

Э 50 Эргешов Т.
Кызыл-Суу айылынын аймагында катылган тарыхый эстеликтер. – Б.: «Мезгил». 2025. – 112 б.

ISBN 978-9967-35-151-6

Китепчеде Ош облусунун Кара-Суу районуна караштуу Кызыл-Суу айылынын аймагындагы байыркы доорго жана орто кылымдарга таандык шаар чалдыбарлары, адамдар жашаган турак жайлардын калдыктары өңдүү тарыхый эстеликтер жөнүндө баяндалат.

Аталган чөлкөмдөгү тарыхый эстеликтерди изилдөөгө Кыргызстандын, Россия Федерациясынын жана Чехиянын адис археолог окумуштуулары, тарыхчылар катышып, бир катар жаңы археологиялык эстеликтерди аныкташып, сүрөткө тартып аларга илимий мүнөздөмө берип, картага түшүрүшкөн.

Китепче эки бөлүктөн турат. Биринчисинде автордун «Кыргыз Республикасынын улуттук илимдер академиясынын кабарлары» аттуу илимий журналына жарыялаган макаласы берилди.

Экинчи бөлүктө автордун демилгеси менен 2019–2022-жылдардын аралыгында жүргүзүлгөн изилдөөлөр боюнча түзүлгөн илимий отчёттор жарыяланды.

Китепчени тарых жана чөлкөм таануу адистерин даярдап жаткан университеттердин студенттери кошумча окуу куралы катары пайдаланса болот. Жергебиздин тарыхына кызыккан окурмандарга да сунушталат.

ISBN 978-9967-35-151-6

УДК 94 (100-87)
ББК 63.3 (5 Кир)

© Эргешов Т., 2025

# САНЖЫРАДАН ИЛИМИЙ НЕГИЗГЕ

## Баш сөз ордуна

Фергана өрөөнүн адамдар байыркы доордон эле мекендеп келүүдө. Бул өрөөндө алгачкы адамдардын үйүрлөрү жашап, алгачкы общиналык коомго өсүп чыккан. Б.з.ч. 1-миң жылдыкта бул чөлкөмдү Борбордук Азияда азыркы мезгилде жашап жаткан элдердин, анын ичинен кыргыздардын ата-бабалары катары эсептелген сак уруулары, хунндар, дабандыктар, кыргыздар, түрктөр мекендеп келгени белгилүү.

Фергана өрөөнү Чыгыш менен Батышты байланыштырган Улуу жибек жолунун тоомунда жайгашкандыктан бул чөлкөмдө маданияттар жуурулушкан, ар түрдүү этностордун байланыштары чырмалышкан. Ферганада зороастризм, буддизм, теңирчилик өңдүү диндер жанаша жашаган. VIII кылымда бул аймакты араптар басып алып, чөлкөмдө бирдиктүү ислам дини, маданияты тараган.

Демек, тарыхый эстеликтерге жана тарыхый окуяларга бай Фергана чөлкөмү байыркы доордон бери эле окумуштууларды кызыктырып келет. Фергана өрөөнүнүн тарыхына көптөгөн эмгектер, археологиялык изилдөөлөр арналып, далай эмгектер жазылган. Ошого карабастан бул чөлкөмдүн тарыхын

баяндаган далай тарыхый эстеликтер жер алдында катылып жатат. Тарыхчы Турдумамат Эргешовдун колуңуздардагы чакан эмгеги өзү туулуп өскөн Ош облусунун Кара-Суу районунун Кызыл-Суу айыл аймагында жайгашкан тарыхый, өзгөчө археология-лык эстеликтерди баяндоого арналган.

Чынында, Кыргызстандын бардык эле айыл аймактарында ал жерде мурда жашап өткөн адамдардан калган тарыхый эстеликтердин издери байкалат. Алар жөнүндө жергиликтүү элдерден уламыштарды угууга болот. Көпчүлүк адамдар тигил же бул тарыхый эстеликтерге анчалык деле маани бербейт. Көпчүлүктөн айырмаланып китепченин автору өзүнүн Кызыл-Суу айылынын аймагындагы тарыхый эстеликтерди жок болуп кете элегинде изилдөөгө алып, аларды сактап калууга, аларды илимий айланпага киргизүүгө көп күч жумшап келүүдө. Т.Эргешовдун бул аракети колдоого жана мактоого татыктуу. Автор 1976-жылы Кыргыз мамлекеттик университетинин тарых факультетин бүтүрүп тарых жана коом таануу сабагынын мугалими деген адистикке ээ болгон. Ал кезде Кыргызстан үчүн тарыхчы адистери бир гана аталган университетте даярдалып, жылына жүздөн ашуун жаш тарыхчылар өз ишин мыкты билген окумуштуу-педагогдор тарабынан даярдалчу. Аталган окуу жайдын тарых факультетин бүтүрүүчүлөрүнүн ичинен ондогон белгилүү окумуштуулар, мамлекеттик, коомдук ишмерлер чыкты. Алсак, 1976-жылы тарых факультетин аяктагандардын үчөө илимдин докторлору, тогузу илимдин кандидаттары болушту. Көпчүлүк



бүтүрүүчүлөр тарыхчы мугалим катары республиканын булуң-бурчтарындагы орто мектептерде эмгектенип, окуучуларга билим, тарбия берүүдө.

Айыл жергесине барып эмгектенген курсташтарыбыздын ичинен мугалимдик кесипти илимий иштер менен айкалыштырып өз районунун, айылынын тарыхын жазууга далалат кылып, маанилүү изилдөөлөрдү жүргүзүп, кызыктуу макалаларды, китептерди жаратkandар да чыгууда.

Ошолордун көрүнүктүүсү курсташыбыз Турдумамат Эргешов десек жаңылышпайбыз. Ал тарых факультети бүткөндөн кийин Кара-Суу шаарындагы орто мектепте мугалим, директордун орун басары болуп эмгек жолун баштаган. 1980-жылдан комсомолдук, чарбалык жетекчиликти мугалимдик кесип менен айкалыштыра иштеген. 1981–1989-жылдары Эл депутаттарын Кызыл-Суу айылдык Советинин аткаруу комитетинин төрагасы болуп эмгектенген. Менимче, Турдумаматтын тарыхчы катары тарыхый эстеликтерге аяр мамиле кылуу сезими өзү жетекчилик кылган айылынын аткаруу советинде иштеп турганда күч алса керек. Анткени ошол кезде айыл аймагындагы жерлерди айыл чарбасын өстүрүү үчүн кеңейтүү, дөңсөө жерлерди түзөтүү, аң-ченектерди толтуруу, чарбалык имараттарды, жеке чарбалар үчүн жерлерди бөлүштүрүү иштери жигердүү жүргүзүлгөн. Жашынан зээндүү, анын үстүнө адистиги тарыхчы жетекчи айыл аймагындагы тарыхый эстеликтерди буздурбай сактап калуу аракетин жасай баштаган. Ара-чолодо Кыргызстандын жалпы тарыхына тиешелүү «Дарван ырчыны унутпайлы»,

«Полот хандын тарыхына айрым тактоолор», «Кыргыз элинин калмактар менен болгон Ата Мекендик согуштары кыргыздардын Адигинесинин Жору (Жолжакшы) уруусунун мисалында» өңдүү илимий-популярдуу макалаларын республикалык журналдарга, гезиттерге жарыялап, илимий-практикалык конференцияларга катышып жүргөн. Илимий багыттагы эмгектеринин натыйжасында Т.Эргешов Кыргыз Республикасынын Тарыхчылар ассоциациясынын мүчөсү, көп өтпөй бул ассоциациясынын Ош облусу боюнча координатору милдетин аткара баштаган. Азыр ассоциациянын президиумунун мүчөсү катары иш алып барат. Автордун көп жылдык эмгегинин үзүрү катары анын 856 беттен турган «Кыргыздын Жору (Жолжакшы) уруусунун санжырасы» аттуу эмгеги болду. Бул китеп биринчи жолу 2016-жылы, экинчиси толукталып 2019-жылы адис окумуштуулардын редакциясы, сын-пикирлери менен басмадан чыгып окурмандардын жакшы баасына татып жатат. Ушул кезде китеп толукталып, оңдолуп жаңы басылышына даярдалууда. Т.Эргешовдун адис тарыхчы катары даярдаган бул китеби санжыра жазууга аракет жасагандар үчүн методологиялык милдетти аткарат десек болот.

Т. Эргешовдун «Кызыл-Суу айылынын аймагында катылган тарыхый эстеликтер» аттуу эмгеги автордун санжырадан илимге багыт алганын далилдейт. Ал өзү туулуп өскөн айылынын аймагында байыркы доордон бери сакталып келген тарыхый эстеликтердин калдыктарын адистердин жардамы менен изилдеп, керектүүлөрүн сактап калууга бел байлаган.



Бул үчүн каражатты өзү топтоп Кыргыз Республикасынын улуттук илимдер академиясынын археология бөлүмүнүн илимий кызматкери Эмил Султанов менен ушул бөлүмдүн аспиранты Адилет Ырысбековду чакырып бул ишке Ош ТУнун улук окутуучусу, тарых илимдеринин кандидаты Сатимбай Осмоновду тартып, алардын жардамы менен Гүлчө суусунун төмөнкү, Куршаб суусунуну жогорку агымынын боюнда жайгашкан Кызыл-Суу айылынын аймагындагы өзү көз салып жүргөн тарыхый жерлерге чалгындоо иштерин жүргүзгөн. 2019–2022-жылдары адистердин аракети менен коло доорунан орто кылымдарга чейинки мезгилге таандык тургун жайлардын, шаарлардын чалдыбарлары, көрүстөндөр аныкталган. Бул боюнча илимий отчет түзүлгөн.

Өзүнүн айылынын аймагындагы тарыхый эстеликтерди тереңирээк изилдетүү үчүн автордун чакыруусу менен Россия Федерациясынын Санкт-Петербургдагы Эрмитаж мамлекеттик музейинин Чыгыш бөлүмүнөн тарых илимдеринин кандидаттары Асан Торгоев менен Алексей Кулиш келип дрондун жардамы менен изилдөөгө алынган аймактагы эстеликтердин жайгашкан жерлерин сүрөткө тартып, топографиялык картасын түзгөн. Изилдөө ишин муну менен токтотпостон Т. Эргешов Чехиялык окумуштууларга да кайрылат. Чакырууга макул болуп келген геолог, доктор, профессор Ленка Лиса Кызыл-Суу айылынын аймагындагы эстеликтердин геологиялык түзүлүшүн изилдеп бул жердеги төрт шаар чалдыбарларындагы имараттардын пайдубалдарынын түзүлүшүн, курулуш материалдарынын

өзгөчөлүктөрүн талдаган. Белгилүү археологдор, доктор Павер Важска, Милан Метличка, докторант Атилла Ватансвер Чехиядан келген окумуштуулар айыл аймагында жайгашкан эстеликтерди чалгындап, аларды археологиялык жактан изилдөөгө канча убакыт талап болоорун, канча каражат сарпталаарын аныкташкан жана өздөрүнүн чалгындоо иштери боюнча отчет даярдашкан. Т. Эргешовдун аракети менен Кызыл-Суу айылынын аймагындагы тарыхый эстеликерди изилдөө ишине КРдин улуттук илимдер академиясынын тарых институтунан белгилүү археолог Кадича Ташбаева жетектеген Археология бөлүмүнүн илимий кызматкерлери, РФнын Эрмитаж мамлекеттик музейинин ошондой эле Чехиянын илимдер академиясынын белгилүү археологдорунун жардамы менен изилдөө иштеринин жүргүзүлүп жатышы колдоого жана мактоого татый турган аракет.

Бул китепчеде автордун демилгеси жана жеке каражаты менен 2019–2022-жылдары жүргүзүлгөн илимий изилдөө иштеринин алгачкы жыйынтыктары камтылды. Белгилей кете турган жагдай, илимий изилдөөнүн алгачкы жыйынтыгы Кыргыз Республикасынын улуттук илимдер академиясынын 2024-жылдагы № 3 санына «Гүлчө дарыясынын төмөнкү агымында жайгашкан археологиялык эстеликтер» деген аталышта жарыяланды. Бул илимий макаланын авторлору: Т. Эргешов менен Э. Султанов. Макала илимий чөйрөдө жакшы бааланууда. Китептин биринчи бөлүгүндөгү илимий журналдан орун алган бул макаланы китепченин негизги жаңылыгы



катары баалаcак болот. Макаланын көлөмү чектелүү болгондуктан анда илимий изилдөөнүн натыйжасында алынган маалыматтар, сүрөттөр, карталар толук камтылган эмес. Ушуга байланыштуу китепченин экинчи бөлүгүндө изилдөөнүнү жүрүшүндө алынган маалыматтарды толук камтыган илимий отчёттор, ага жазылган илимий пикир камтылды. Тарыхты изилдөөдө санжырадан илимий негизге багыт алып, кызыктуу эмгектерди жаратып жаткан авторго чың ден соолук, чыгармачыл ийгиликтерди каалайбыз.

***Өскөн Осмонов,***
***тарых илимдеринин доктору, профессор***

# БИРИНЧИ БӨЛҮК

ISSN 0002 – 3221

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН
УЛУТТУК ИЛИМДЕР АКАДЕМИЯСЫНЫН

КАБАРЛАРЫ №3

ИЗВЕСТИЯ
НАЦИОНАЛЬНОЙ АКАДЕМИИ НАУК
КЫРГЫЗСКОЙ РЕСПУБЛИКИ

БИШКЕК ИЛИМ 2024

ilimbasma@mail.ru



*Эргешов Турдумамат – тарыхчы,*
*Султанов Эмил - тарыхчы-археолог*

# ГҮЛЧӨ ДАРЫЯСЫНЫН ТӨМӨНКҮ АГЫМЫНДА ЖАЙГАШКАН АРХЕОЛОГИЯЛЫК ЭСТЕЛИКТЕР

*Аннотация*

2019-2022 жж. Кызыл-Суу айылынын тургуну Турдумамат Эргешовдун жеке чакыруусу жана анын каржылоосу менен Кыргыз Республикасынын Улуттук илимдер академиясынын Тарых, археология жана этнология институтунун, археология бөлүмүнүн кызматкери Эмил Султанов, Ош областынын, Кара-Суу районунун аймагында жайгашкан Кызыл-Суу айылынын (Гүлчө суусунун төмөнкү, Куршаб суусунун жогорку агымы) аймагында чалгындоо жумуштары жүргүзүлгөн. Изилдөөлөрдүн натыйжасында коло доорунан тартып орто кылымдарга чейинки шаар чалдыбарлары, турак жайлар жана көрүстөндөр табылган.

### *Аннотация*

В 2019–2022 гг. сотрудником отдела археологии Института истории, археологии и этнологии Национальной академии наук Кыргызской Республики Султановым Э. К., по приглашению жителя с. Кызыл-Суу, Эргешова Турдумамата и его же финансированием были проведены рекогносцировочные работы в нижнем течении р. Гулчо (верхнее течение р. Куршаб), в окрестностях с. Кызыл-Суу. Одной из задач стало выявление новых памятников археологии, описание, фотофиксация и по возможности составление визуальной планеграфии памятников. На указанной территории были выявлены различные типы памятников, относящимися к различным хронологическим периодам – от бронзового века до средневековья.

### *Annotation*

In 2019–2022, an employee of the archeology department of the IHAE NAS KR Sultanov E. K., at the invitation of a resident of the village Kyzyl-Suu, Ergeshov Turdumamat and his own funding, reconnaissance work was carried out in the lower reaches of the river Gulcho, in the vicinity of the village Kyzyl-Suu. One of the tasks was to identify new archaeological monuments, describe, photograph and, if possible, compile a visual planigraphy of the monuments. In this territory, various types of monuments have been identified, belonging to different chronological periods – from the Bronze Age to the Middle Ages.



2019–2022-жж. менин каржылоом менен Кыргыз Республикасынын Улуттук илимдер академиясынын Тарых, археология жана этнология институтунун, археология бөлүмүнүн кызматкери Эмил Султанов, Ош областынын, Кара-Суу районундагы Кызыл-Суу айлынында чалгындоо жумуштарын жүргүзгөн. Бул иштин максаты болуп жаңы археологиялык эстеликтерди ачып, алардын үстүнөн алгачкы изилдөө иш аркеттерин жүргүзүү (визуалдык кароо, сүрөткө түшүрүү, картасын түзүү ж. б.) болгон.

Археологиялык иштери Кызыл-Суу айылынын аймагынан агып өткөн Гүлчө дарыясынын төмөнкү агымынын эки жээгинде жүргүзүлдү, натыйжада түздүктө жана тоо этектеринде бир топ эстеликтер табылды. Изилдөөнүн жүрүшүндө эки палеонтологиялык катмар камтылган жерлер да аныкталган, бул катмарларда, негизинен байыркы суу алдында жашаган жаныбарлардын калдыктары сакталып калган.

Кызыл-Суу айлынын аймагында археологиялык эстеликтер Гүлчө суусунун эки жээгинде, жана капчыгайлардын ичтеринде орун алган. Чалгындоо учурунда коло доорунан тартып кечки орто кылымдарга чейинки археологиялык эстеликтер табылды.

***Орто кылымдарга таандык коргон*** (N40°25'54,17" E73°15'18,51") Кызыл-Суу айыл аймагында жайгашкан Чайчы айылынын батыш жагында жайгашкан. Азыркы күндө 24м×30м. түзгөн төрт чарчы курулуштун калдыгын көрүүгө болот. Дубалдын калдыктарынын калыңдыгы айрым жерлеринде 3 м. чейин жетет, жер үстүндө 0,3 м. бийиктикке чейин сакталган. Курулуштун түндүк-батыш бурчунда бир бөлмөнүн

калдыгын, ал эми чыгыш жагында эки бөлмөнүн калдыктарын байкоого болот. Эстеликтин түндүк-батышында жайгашкан бөлмөнүн ордунда казуу иштери жүргүзүлгөн, чалгындоочу казуу иштери учурунда темирден жасалган соконун башы табылган, ошондой эле карапа идиштин сыныктары табылган.

Карапа буюмдардын калдыктарын изилдегенде эстелик XIV–XV кк. таандык экени аныкталган. Ал эми соконун башы турак жайдын дубалынын үстүнөн табылган, болжол менен бул буюм эстеликтин аймагына кийинки учурларда келиши мүмкүн, анткен ушул сыяктуу соколор, XIX к. аяк ченинде – XX к. башында жергиликтүү элдер тарабынан кеңири иштетилип келген.

Жергиликтүү элди сурамжылоо учурунда, алар бул жерде курулуш бар экендигин билген эмес, алардын айтымында бул жерде мезгил-мезгили менен суу ташкыны жүрүп турган. Ошол себептен эстеликтин үстү жагында жайгашкан заттар суу менен агып сакталбай калган.

Гүлчө жана Така суусунун кошулган жериндеги Даңги деп аталган жерде б.з. I–II кк. таандык көрүстөн (N40°25'49,01" E73°16'15,46") табылган. Азыркы күндө бул жерде 10 коргон (курган) орун алган. Эстеликтин аймагы айыл чарба иштерине байланыштуу көп жылдан бери иштетилип келгендиктен, майда коргондор талкаланып жок болгон. Сакталып калган коргондордун дөбөлөрү таш жана топурак менен үйүлгөн, коргондордун диаметри 3 – 8 м. түзөт, бийиктиги 0,4 – 0,8 м. Бул көрүстөндө кошумча изилдөөлөрдү жүргүзсө болот.



*Байыркы шаар чалдыбары (Омордун дөбөсү)* (N40°26'31,87" E73°15'45,65") Кызыл-Суу айыл аймагынын Үңкүр айылында жайгашкан, эстеликтин сакталган түзүлүшү боюнча шоробашат маданиятынын комплекстерине окшотуугa болот. Шоробашат маданиятына таандык эстеликтер Жазы – Кара-Кулжа суу ортолугунун жээктеринде жайгашкандыгын 1960–1970 жж. орус окумуштуусу Ю.А. Заднепровский изилдеген. Акыркы жылдардагы изилдөөлөр көрсөткөндөй, шоробашат эстеликтери жалпы Ош жана Жалал-Абад областарынын аймактарында кеңири тараган.

Омордун дөбөсү (шаар калдыгы Сары-Кыр тоонун жана Гүлчө дарыясынын ортосунда жайгашкан, эстеликтин түндүк тарабынан Кызыл-Суу суусу, ал эми түштүк-чыгышында Кара-Тар-ата (азыркы аталышы Чалчык булак) сайы жайгашкан, эки сайдын ортосу түздүк болгондуктан, жер иштетүүгө ыңгайлуу болгон, ошол себептен коло доорунда бул жерде алгачкы турак жай орун алган, ал эми эрте темир доорунда ал турак жай өркүндөп өсүп алгачкы шаарга айланган, административдик курулуштар (цитадель), эстеликтин түштүк-батыш тарабында жайгашкан. Бүгүнкү күндө цитаделдин түштүк-батыш бөлүгү жол куруу учурунда талкаланган, бузулган жеринде шаардын маданий катмарын байкоого болот. Эстеликтин сакталып калган бөлүгү азыркы күндө 266х166 м. түзөт. Ал эми цитаделдин өлчөмү 97х50 м., бийиктиги 12 м. түзөт, азыркы учурда бул дөбө Омордын дөбөсү деп аталып калган.

Жогоруда белгиленгендей, цитаделдин бузулган

жерин казуу учурунда үйдүн калдыктары табылган, үйдүн пайдубалы сай таштарынан тизилип, дубалы пахса менен көтөрүлгөн. Эстеликтин айланасынан карапа идиштердин сыныктары табылган, алар жасалган ыкмалары боюнча 3 доорго таандык экени аныкталды:

*1)* Төмөнкү катмары кечки коло дооруна таандык карапа идиштин калдыктарынын негизинде аныкталган (аз санда кездешет) – б.з.ч. XIV–XI кк., коло доорунда Кара-Суу районунун, түздүк аймактарында негизинен чуст маданиятына таандык уруулар жашаган, алардын негизги чарбасы дыйканчылык болгон, ошону менен бирге мал-чарбачылыгы болгон. Дыйканчылыкка байланыштуу, бул уруулар бир жерде отурукташып, сууга жакын жерлерди өздөштүргөн.

*2)* Экинчи катмары эрте темир дооруна таандык, изилдөөнүн жүрүшүндө эрте темир дооруна таандык эки маданияттын калдыктары кездешет.

*а)* Актам-эйлатан мезгилинин акыркы чегинде б.з.ч. VI–IV кк. коло дооруна таандык турак жайлардын үстүндө мал-чарбачылыгы менен алектенген уруулар отурукташкан, бирок жогоруда аталгандай алар мал-чарбачылыгы менен байланыш болгондуктан, бир жерде көп жашаган эмес, ошол себептен, бул маданиятка таандык катмар өтө калың эмес.

Актам-Эйлатан маданияты алгач Ю. А. Заднепровский тарабынан 1962-ж. илимге киргизилген, бул маданият эки эстеликтин окшоштуктарынын негизинде бөлүнүп чыккан, эйлатан маданияты Өзбекстандын Андижан областынын Хаккулабад шаарынын чыгыш жагында табылган эстеликтин негизинде бөлүнүп



чыккан, ал эми актам маданияты, Кыргызстандын Ала-Бука районунун Актам айылынын тоо этектеринде табылган көрүстөндөрдүн негизинде бөлүнгөн, кийинчерээк бул эки маданияттын окшоштугунун негизинде аталыштары биригип – актам-эйлатан маданияты деп белгилүү болуп калган. Актам-эйлатан маданиятын калтырган элдер болжолду түрдө тарыхый булактардын негизине таянып азыркы тарыхчылардын маалыматтары боюнча эрте сак урууларына таандык деп божомолдоого болот.

*б)* Шоробашат маданияты, алгач, 1960-ж. Ю. А. Заднепровский тарабынан, Өзгөн районун Шоробашат (азыркы Бостон айылынын аймагында жайгашкан) эстелигин изилдеп чыгып, анын өзгөчөлүгүнүн негизинде шоробашат маданиятын бөлүп чыккан, бул маданият б.з.ч. IV–II кк. таандык.

Бул мезгилде Фергана өрөөнүндө Даван мамлекети өкүм сүргөн, ал жөнүндө кытай тарыхчысы Сыма Цяньдын «Ши Цзы» аттуу чыгармасында Даюань деп эскерилген. Давандыктардын чарбасы жөнүндө кеңири маалымат берилген, Даван мамлекети 70тен ашуун шаар-мамлекеттерден (байыркы гректерде полис деп аталган) турган бирикмеден түзүлгөн, ошолордун ичинде Омор дөбө шаар чалдыбары да болушу мүмкүн.

Даван бириккен мамлекети Кытай империясынын баскынчы саясатына төрт жыл туруштук берген. Алгач, кытай генералы Ли Гуанли Даван мамлекетинин борбор шаары Эршиден 70 км. алыста жайгашкан Ю шаарын басып алган. Окумуштуулардын божомолу боюнча ал шаар азыркы Өзгөн шаары болу-

Токтогул Сатылганов атындагы Ош облустук китепкана ИНВ № 487833

шу мүмкүн. Б.з.ч. 102-ж. Ли Гуанли Даван мамлекетин багындырып, мамлекеттин башына Мэйцайды отургузат, бирок ал башкаруучу даван ак сөөктөрү тарабынан өлтүрүлүп, Чаньфэн башкаруучу болуп дайындалат (Сыма Цянь. Исторические записки. М., 2010, с. 199-216).

Кийинки мезгилдерде археологиялык табылгалардын негизинде аныкталгандай, Даван мамлекетинин ордунда көчмөн уруулар отурукташып Кушан мамлекетинин курамына кирген, кийинчерээк, ал көчмөн элдер Кушан мамлекетин башкарган династияларды кыйратып бийликке келишкен.

Фергана өрөөнүндө, бул мезгилге таандык эстеликтер мархамат мезгили деп аталып калган, мындай аталыш Өзбекстандын аймагында жайгашкан Мархамат айылынын чет жагынан изилденген эстеликтин атынан келип чыккан. Мархамат мезгилине таандык эстеликтердин, мурдагы шоробашат маданиятынан айырмачылыгы фортификациялык (коргонуучу) курулуштардын жок болгондугу менен, ошондой эле үч бурчту, тик курулуштар менен айырмаланып турат.

Эрте орто кылымдарда Даван мамлекети жөнүндө маалыматтар аз кездешип, б.з. VII к. маалыматтарына ылайык Даван (Полон(а) деп аталып калган) мамлекети батыш-түрк каганы Тон Баатыр (кытайлар Кань Моэдо д.а.) басып алган.

*3)* Омор дөбөнүн жогорку катмарында орто кылымдарга (VII–VIII кк.) таандык карапа идиштердин сыныктары табылган, бул мезгилдин буюмдары да аз санда кездешет. Жогоруда айтылгандай, бул ай-



мактар Батыш-Түрк каганатынын курамына кирип, бул мезгилде көптөгөн саясий процесстер жүрүп, элдер тез-тезден жер которууга дуушар болгон, ошондуктан, бул мезгилге таандык эстеликтерде маданий катмарлар жакшы сакталбай калган. Азыркы күндө эстеликтин чыгыш жагында турак жайлар орун алгандыгын байкоого болот.

***Калмак дөбө жергесиндеги турак жай*** (N40°26'35,80" E73°15'11,84") Гүлчө суусунун сол жээгинде, Чайчы айылынын кире беришиинде жайгашкан. Бүгүнкү күндө, турак жайдын цитаделинин көпчүлүк бөлүгүн Гүлчө суусу жеп, урап жок болгон. Эстеликтин аймагында азыркы күндө буудай, арпа өстүрүлөт. Эстеликтин тегерегин изилдөө учурунда, жашоо тиричиликте пайдалануучу карапа идиштердин сыныктары табылган. Цитаделдин бузулган бөлүгүн байкоо учурунда, 1 маданий катмар сакталып калганын көрүүгө болот. Сакталган катмарда бир аз дубалдын калдыктары да калып калган, орто ченинде очоктун, чарбалык чункурдун (таштанды салуучу жай) издери бар. Карапа идиштер боюнча, эстелик б.з.ч. IV к. таандык экени аныкталган. Бул эстелик актам-эйлатан маданиятына таандык уруулар көчмөн чарбачылыктан отурукташкан дыйканчылык чарбачылыгына өткөн учурун көрсөтүп турат, анткени, бул жерден табылган карапа идиштери актам-эйлатан тибиндеги чопо идиштер сыяктуу одоно түрдө жасалган. Адамдар бул жерде бир нече мөөнөт жашап, жер иштеткен. Таштан жасалган сүрмө жаргылчактардын калдыктары мында дыйканчылык өнүккөндүгүнө далил болот.

*Калмак дөбө көрүстөнү* (N40°26'35,96" E73°15'07,00") Гүлчө суусунун сол тарабында жайгашкан. Алдын ала кароо учурунда 17 коргон табылган, коргондун дөбөлөрү таштар менен коргондолуп, тегерек жана төрт чарчы формада тизилген, өлчөмү 1,5х2 м., 1,5х2,5 м., 2х3 м. түзөт. Алгачкы изилдөөлөрдө бул көрүстөн б.з.ч. VI-IV кк. таандык экендиги аныкталган.

*Жалгыз коргон (Алп-Ордо)* (N40°26'47,98" E73°14'26,92") – Кызыл-Суу айыл аймагынын Алп-Ордо айлынынын түндүк-батышында жайгашкан. Коргондун дөбөсү таштар менен тургузулуп, тегерек формада болгон, диаметри 13 м., бийиктиги 0,70 м. түзөт, коргондун ортосунда тереңдиги 0,6 м., диаметри 2 м. жеткен чуңкур бар, мындай чуңкур жайдын ички казанагы урап түшкөндүктөн пайда болсо керек. Коргонду шакек формадагы таш-топурактан тургузулган дөңсө курчап турат. Шакекченин диаметри 127 м. түзөт, таш-топурактан түптөлгөн дөңсөнүн калыңдыгы жер жерлеринде 2,3 – 2,5 м. чейин жетет, ал эми бийиктиги 0,2 м – 0,4 м.

Мындай коргондор, б.з.ч. VII к. эрте сак деген аталыш менен белгилүү болгон урууларга тиешелүү. Эрте сак урууларынын эстеликтери Чыгыш Фергана өрөөнүндө актам-эйлатан маданиятына таандык экенин Ю.А. Заднепровский жазып калтырган.

Илимий басылмаларда шакек формадагы дөңсө менен курчалган коргондор – херексур деген ат менен белгилүү. Керексур же херексур, монгол тилинен хэрэгсүүр – Б.Я. Владимирцовдун жазуусу боюнча, биздин тилге которгондо хэрэг (хэрэгс, хергес) – кыргыз, үүр – уя дегенди түшүндүрөт, б.а. кыргыздардын уясы, үйү, же жайы деп айтылып келүүдө. Азыркы күндө байыркы коргондор кыргыз элинин арасында – *калмак дөбө, калмактын көрү, мык дөбө, мыктын көрү* деген аталышта белгилүү болсо, монголдордо бардык коргондор жалпысынан илимде *херексур* аты менен айтылат. Алгач бул термин илимге 1880-ж. Г.Н. Потанин тарабынан киргизилген.



Алп-Ордо сыяктуу коргондор Монголия, Түштүк Сибирь (Алтай, Тыва) жана Казахстандын аймактарында кездешет. Кыргызстандын аймагында Нарын облусунун Кочкор районунун Ара-Көл жергесинде жана Нарын районунун Жапырык жергесинде белгилүү.

Херексурлар кадимки коргондордон айырмачылыгы, коргонду шакек формасындагы дөбө, же таш менен тизилген жолдор курчап турат, алар түзүлүшү боюнча бир нече түргө бөлүнөт. Алтай херксурларынын түрлөрүн жана алардын диний ишенимдерге болгон байланышын орус окумуштуулары О.А. Митько, Ю.С. Худяков, Ю.Ф. Кирюшин жана А.А. Тишкиндер изилдеп чыгышкан, бирок алар ушул сыяктуу эстеликтерди дагы изилдөө керек экендигин белгилешкен.

Көпчүлүк учурда херексурлар бирден кезигет, айрым учурда 2-6 чейин бир жерде жолугат, негизинен тоо, адыр астында жайгашышат, тегереги таш менен тизилген шакек формасындагы жол, таш-топурактан үйүлгөн дөңсө, же терең эмес казылган арыктар менен курчалат. Херексурлардын ичинде же бир киши буюм-тайымдары менен көмүлгөн.

*Турак жай жана көрүстөн* (N40°27'14,07" E73°14'25,96", N40°27'14,89" E73°14'22,10"), Кызыл-Суу айыл аймагынын Корок айылынын кире беришинде жайгашкан. Турак жай азыркы күндө Корок айылынын тургундары тарабынан мазар катары эсептелет. Жергиликтүү элдердин айтымында, бул жерде көр казган учурда көптөгөн карапа идиштер жана алардын сыныктары кездешет. Турак жайдан көр казуу мезгилинде эки бүтүн карапа идиш табылган. Карапа идиштер, түзүлүшү жана жасалгасы боюнча Кетмен-Дөбөдөн табылган, IV–VI кк. таандык буюмдарга окшош. Бул турак жайды калтырган элдер, эрте орто кылымдарда Улуу элдер көчү мезгилинин аяк ченинде Кыргызстандын түндүк аймактарынан көчүп келиши мүмкүн, анткени табылган буюмдардын көпчүлүгү колдо, одоно түрдө жасалган, бул уруулар мурда көчмөн болуп, Фергана өрөөнүнө келгенде бир жерге отурукташып, жергиликтүү элдин салтын кабыл алган. Бул жерден жергиликтүү элдерге таандык станокто жасалган карапа идиштердин сыныктары чогултулган. Турак жайда эрте орто кылымдарда элдер канча убакыт жашаганын аныктоого мүмкүнчүлүк болгон жок.

Турак жайдан 118 м. чыгышты карай, ушул эле мезгилге таандык көрүстөн жайгашкан, азыркы күндө ал көрүстөндө «падышалар» тибине таандык 3 коргон сакталып калган, калган катардагы жашоочуларга таандык коргондор бул жерде көп жылдар бою жер иштетүүнүн натыйжасында жер менен түздөлүп кеткен, алардын айрымдарынын издери сакталып калган. Сакталган коргондордун дөбөлөрү



таш жана топурак менен үйүлгөн. Эң чоң коргондун диаметри 42 м., бийиктиги – 1,5 м. жетет. Калган эки коргондордун диаметри 33 м. жана 20 м., бийиктиктери 1,2, м. жана 1 м. түзөт. Бул көрүстөндөн 290 м. түштүк-чыгышты карай ушул эле мезгилге таандык экинчи көрүстөн жайгашкан, ал жерде 16 коргон сакталып калган, калгандарынын издерин, бир жерде чогулган таштардан байкоого болот.

Карапа идиштердин анализинин негизинде аталган эстеликтер IV–VI кк. таандык экендиги аныкталган.

***Сооржандын мойногундагы шаар чалдыбары*** (N40°27'08,30" E73°13'27,72"), эстелик Нокош-Эрен жана Бөөн-Жар сай ортолугунда жайгашкан. Алгач бул жерге көчүп келип отурукташкан элдер, Сооржан-Мойнок тоосунун бир бөлүгү болгон тоо кыркасынын эң жапыс жерине отурукташкан. Алдын ала шаардын алдына атайын бийиктелген секиче жасап, анын үстүнө үйлөрдү, устаканаларды ж.б. курган. Шаар көп жыл бою өкүм сүргөндүгүнө байланыштуу, үйлөрдүн үстү-үстүнө жаңы курулуштар тургузулуп жатып, азыркы күндө эки конус түрүндөгү бийиктикке айланган. Бул шаар Улуу Жибек жолунан өткөн кербендерди көзөмөлдөп турган. Эки конустун ортосунда өтмөк бар, ал өтмөк Алайдан Гүлчө суусун бойлоп келген кербен жолунда Ош шаарына жакын жайгашкан. Кербендер Гүлчө суусун бойлоп төмөн түшүп, Өзгөн, Жалал-Абадка өткөн.

Азыркы күндө сакталган биринчи конус түрүндөгү эстелик, алды жагында трапеция формасында болуп, үстү жагы үч бурчту, чокусу түз болгон конуска айланат. Эстеликтин алды жагынын өлчөмү түн-

дуктөн-түштүктү карай 179 м., батыштан-чыгышты карай 211 м., үстү жагы 32x52 м. чейин кичийерип кетет. Жалпы бийиктиги 28 м. түзөт.

Эстеликтердин айланасынан көптөгөн карапа идиштин сыныктары, жаныбарлардын сөөктөрү, сүрмө жаргылчактар табылган. Сайдын боюндагы катмарларды изилдөө учурунда дубалдын калдыктары, таштандылар, карапа идиштин сыныктары жана сөөктөр чыккан.

Экинчи эстелик биринчи курулуштан батышты карай 32 м. аралыкта жайгашкан, аралыктык өлчөм эки эстеликтин алды жагынан алынган, биринчи курулушка караганда формасы жана көлөмү жагынан айырмаланып турат, чыгыш жагында тектир сыяктуу бөлүгү бар, бул жерден да көптөгөн табылгалар алынган. Табылган буюмдардын негизинде шаар б.з. I–IV кк. таандык экени аныкталган. Мындай эстеликтер Ю.А. Заднепровскийдин аныктамасы боюнча мархамат тибиндеги шаарларга таандык. Алар өздөрүнүн микрорельефтик түзүлүшү боюнча башка тарыхый-маданий эстеликтерден айырмаланып, тоо, адыр кыркаларынын учтарында жайгашып, эч кандай коргонуучу дубалы жок, конус түрүндө курулган.

Ушул сыяктуу эстеликтер негизинен дыйканчылык микроазистердин чет жакаларында орун алган, мындай жайгашуу ошол мезгилде Улуу Жибек жолундагы транзиттин күчөшү менен кербендерди көзөмөлдөп, ошол эле учурда тоолу аймактарда жашаган көчмөн элдерден коргоочу курулуштун милдетин аткарган.

А.Н. Бернштам, Ю.А. Заднепровскийдин ойлору боюнча, бул курулуштар кербен-сарайдын да ролун



аткарган. Мисалы, Мады шаар чалдыбары (Мады айылынын борборунда), Ак-Жар шаар чалдыбары (Ак-Жар айылынын чыгыш жагында), Ади-Үнкүр (Жаңы-Арык айылынын түштүк жагында), Шералы шаар чалдыбары (Шералы айылынын чыгыш жагында) ж.б. негизинен Улуу Жибек жолу өткөн жерлерде орун алышкан.

*Мархамат мезгилине* таандык эстелик алгач Өзбекстандын Мархамат айылынын (Араван району менен чектеш) түштүк-батыш жагында жайгашкан. А.Н. Бернштам тарабынан изилденген. Мархамат шаар чалдыбарына жана дыйканчылык оазиске түштүктө жайгашкан тоолуу аймактардан (Кыргызстандын аймагы) кирүүчү жерлер, адырларда жайгашкан сепилдер тарабынан коргоого алынган. Андай сепилдердин бири Караоол-ата (Кыргызстандын аймагы, Кочубаев айылы), Мархамат шаар чалдыбарынан түштүк-чыгышты карай 6 км аралыкта, Мархамат-Араван-Ош автожолунун түштүк жагында 300 м аралыкта жайгашкан. Кароол-Ата чеби, Араван аска тоо кыркасынын учунда жайгашкан, бийиктиги 20 м. жетет. Фортификациялык максаттары үчүн айланасындагы рельефти пайдаланышкан, чепти үстүнөн караганда үч бурчтуу формада, бурчтарында мунаралар жайгашкан (А.Н. Бернштамдын жазуусу боюнча), азыркы күндө чептин айланасына үйлөр түшүп, айыл болуп кеткен.

А.Н. Бернштам «чеп бир эле коргоо милдети аткарбастан, кербен-сарай да болгон. Анткени, ал Ош шаарынан, андан ары Алай жергесинен келген Улуу Жибек жолунун трассасында жайгашкан» – деп жазып калтырган.

Сооржан мойногу шаар чалдыбарынын так тарыхый маалыматын алуу үчүн бул эстеликте кошумча казуу иштерин жүргүзүү керек. Толук казуу иштери, ошол мезгилде конус түрүндөгү курулуштардын пайда болуусун, алардын функциялары жөнүндө так маалыматтарды берет.

***Бөөн-Жар сайынын жээгинде жайгашкан турак жай жана көрүстөн*** (N40°27'04,39" E73°12'42,80"), Бөөн-Жар капчыгайында жайгашкан. Сооржан мойногу шаар чалдыбарынан 500 м. батышта орун алган. Капчыгай ортолугундагы аянты 671х155 м. түздүк жерди изилдөө учурунда, жер үстүнөн бир топ карапа идиштин сыныктары табылган, карапа идиштердин сыныктары жасалышы, формасы жана чопонун структурасы боюнча: актам-эйлатан б.з.ч. VII–IV кк., шоробашат б.з.ч. III–I кк. жана мархамат б.з. I–IV кк. болуп үч тарыхый-маданий мезгилге бөлүнгөн.

Турак жайдын аянтын кароо учурунда түштүк-чыгыш бурчунда өлчөмү 96х94 м., бийиктиги 1,5 м. түзгөн курулуш табылган. Бул курулуштун функциялык тиешесин аныктоого мүмкүнчүлүк болгон жок, анткени мындай курулуш Кыргызстандын аймагында биринчи жолу кездешип жатат. Келечекте бул жерде казуу иштери пландалууда.

Ушул эле жерден «падыша» тибиндеги төрт коргон табылган, алардын өлчөмдөрү диаметри – 36 м., 32 м., 29 м. 18 м., ал эми бийиктиги 1,3 – 2 м. чейин жетет. Дөбөлөрү таш жана топурактардан тургузулган. Эскерте кетчү жагдай, ар бир коргондун алды жагы тектир сыяктуу курулуштар менен түзүлгөн. Бул анда жашаган элдердин маданий өзгөчөлүгүн көрсөтүп турат. Ушул сыяктуу коргон Чоң-Алай өрөөнүндө, Арча-Булак көрүстөнүндө казылган, табылган буюмдардын негизинде бул эстеликтер б.з.ч. VI–IV кк. таандык экени аныкталган. Изилдөөлөргө таянып Бөөн-Жар көрүстөндөрү да актам-эйлатан мезгилине (б.з.ч. VII–IV кк.) таандык десе болот.



***Корок айылындагы турак жай*** (N40°27'02,07" E73°15'13,03") – кароол-дөбө. Гүлчө суусунун оң жагында жайгашкан, үстүнөн караганда айланпа түзүлүшүндө болуп, жерден бийиктиги 20 м. түзөт, кароол-дөбөнүн өлчөмү 87х54 м., үстүнөн чогултулган карапа идиштин сыныктарынын негизинде I–IV кк. таандык. Азыркы күндө, эстеликтин үстүндө айылдын көрүстөнү жайгашкан.

***Көрүстөн*** (N40°31'17,46" E73°08'52,96"), Өзгөн районунун Кызыл-Октябрь айыл өкмөтүнө караштуу, Жийделүү-Талаа жергесинин түштүгүнөн орун алган. Куршаб суусунун оң жагында суу жээгиндеги экинчи тектирде жайгашкан. Пролювиалдык жана тектоникалык кыймылдын натыйжасында пайда болгон. Бул жерде 34 коргон бар экендиги аныкталган. Көрүстөндүн микрорельефтик түзүлүшү төмөндөгүдөй: алгач ортосунда «падыша» тибиндеги коргон тургузулган. Тегерегине жакын туугандары жана катардагы кишилер коюлган. «Падыша» тибиндеги коргондун диаметри 20 м., бийктиги 1,6 м. түзөт. Коргондордун дөбөлөрү таш жана топурактан тургузулган, айрым коргондордун үстүндө чуңкурлар бар, бул чуңкурлар же ошол мезгилде коргонду казып баалуу буюмдарын тоногондун аракетинен же казанактын көчүп түшүүсүнүн натыйжасында пай-

да болушу мүмкүн. Көрүстөн Кыргызстандын аймагында мурда изилденген эстеликтерге салыштырылып, алдын ала I–IV кк. аныкталган.

***Жийделүү-Талаа көрүстөнү*** (N40°31'25,17" E73°08'30,02"), Куршаб суусунун оң жагындагы тектирде жайгашкан. Түндүктөн-түштүккө карай жайгашкан «падыша» тибиндеги төрт коргон табылган. Коргондордун диаметрлери 18 м. ден 24 м., бийиктиги 1,2 – 1,5 м. чейин жетет. Жийделүү-Талаа мурда дыйканчылык зонасы болуп, жерлер интенсивдүү иштетилгендиктен, жанындагы башка коргондор талкаланышы мүмкүн.

Ушул сыяктуу мурда изилденген көрүстөндөр сак дооруна таандык экени аныкталган, ошолордун негизинде Жийделүү-Талаа көрүстөндөрү да актам-эйлатан маданияты менен белгиленип б.з.ч. VII–IV кк. Таандык экендиги аныкталган.

***Кочкор-Ата мазары*** (N40°33'15,20" E73°08'02,33"), Куршаб суусунун сол жагында, Кочкор-Ата айылынын маңдайында жайгашкан. Мазар азыркы күндө жергиликтүү элдер тарабынан ыйык жер катары эсептелип, сыйынуучу жайга айланган. Чалгындоо учурунда, бул мазарда ар башка доорго таандык эстеликтер бар экендиги аныкталган. Көпчүлүк көрүстөндөр XVI–XVII кк. таандык. Арасында орто кылымдарга, актам-эйлатан мезгилине жана коло дооруна таандык көрүстөндөр да табылган. Айрым учурда кийинки көрүстөндөр мурдагы мезгилдин көрүстөндөрүнүн үстүнө жайгашып калган.

Кызыктуу жагдай, XVI–XVII кк. таандык көрүстөндөрдүн дөбөлөрү караханийлер мезгилине таандык курулуштун кыштары менен арка формасында тургузулган. Бул кыштарды алар кайсыл жерден тапканы кызыктырат, анткени мындай сандагы кыштарды алыш үчүн, же чоң курулушту талкалоо керек, же ушул жакта, жакынкы аралыкта кыш чыгаруучу жер болушу мүмкүн. Көпчүлүк көрүстөндөрдүн ооздору кулагандыктан, үстүлөрүндө чуңкурлар пайда болгон, ошондой чуңкурларды кароо учурунда ооздору арча менен тосулганын байкоого болот. Бул мазарды анализдөөнүн негизинде Кызыл-Суунун элдери бул жерлерди XVI к. эле байырлап келгендигин айтса болот.

Гүлчө-Куршаб суусунун жээктериндеги эстеликтердин үстүртөн изилдөөлөрдүн негизинде байыртадан дыйканчылар менен малчылардын зонасы катары кароого болот. Булардын байланышынын негизинде бул аймакта, ошондой эле Кара-Суу, Өзгөн райондорунун тоо этегиндеги аймактарда жаңы типтеги эстеликтер, маданияттар да пайда болгон деп тыянак чыгарууга болот.

Демек, байыркы көчмөндөрдүн маданияты, дыйканчылардын «баскынчылыгынын» негизинде жаңы түргө айланып, кийинчерээк тескерисинче көчмөндөр келген учурда, мурдагы фортификациалык курулушу бар шаар чалдыбарлар (Даван мезгили), коргоочу дубалдары жок Кушан тибиндеги шаар-чептерге алмашкан.

Жыйынтыктап айтканда, аталган аймактагы эстеликтерди изилдөө Кыргызстандын тарыхынын жаңы барактарын ачып берет деген ишеничтебиз.

## АДАБИЯТТАР

1. Бернштам А.Н. Древняя Фергана [Текст]: (Науч.-попул. очерк) / Акад. наук Узб. ССР. Ин-т истории и археологии. – Ташкент: Изд-во Акад. наук УзССР, 1951. – 47 с.; 22 см.

2. Заднепровский Ю.А. Древнеземледельческая культура Ферганы [Текст]. - Москва; Ленинград: Изд-во Акад. наук СССР. [Ленингр. отд-ние], 1962. – 328 с., 3 л. ил.: ил.; 27 см. – (Материалы и исследования по археологии СССР/ Акад. наук СССР. Ин-т археологии; № 118).

3. Заднепровский Ю.А. Археологические памятники южных районов Ошской области [Текст]: (Середина I тысячелетия до н. э. – середина I тысячелетия н. э.) / Акад. наук Кирг. ССР. Ин-т истории. – Фрунзе: Изд-во Акад. наук Кирг. ССР, 1960. – 175 с., 1 л. карт.: ил.; 27 см.

4. Кирюшин Ю.Ф., Тишкин А.А. Скифская эпоха Горного Алтая. Ч. I : Культура населения в раннескифское время. – Барнаул, 1997.

5. Потанин Г.Н. Очерки Северо-Западной Монголии. – СПб.: Типография Киршбаума, 1881. – Т. II. 230-237.

6. Сыма Цянь (145 или 135-ок. 86 г. до н. э.). Исторические записки (Ши цзи) / Сыма Цянь ; пер. с китайского и комментарий Р. В. Вяткина и В. С. Таскина ; [вступит. ст. М. В. Крюкова]. - Москва: Наука, 1972, 22 см. - (Памятники письменности Востока / Акад. наук СССР, Отд-ние истории, Ин-т востоковедения; ...). Т. 9 / пер. с кит., коммент. под ред. А. Р. Вяткина; вступ. ст. А. Р. Вяткина. - 2010. - 622, [1] с.: портр.; ISBN 5-02-018264-8.

7. Ташбаева К.И. Культура ранних кочевников Тянь-Шаня и Алая (I тыс. до н.э.). – Бишкек: Илим, 2011. 274 с. – ISBN 978-9967-11-319-0.

8. Худяков Ю.С., Скобелев С.Г., Митько О.А., Борисенко А.Ю., Оразбекова Ж. Особенности погребальной обрядности раннескифского населения долины реки Эзрбек в Туве // Археология, этнография и антропология Евразии. 2013. № 1 (53). С. 104-113.

9. Чугунов К.В. Херексуры Центральной Азии // https://arheologija.ru/hereksuryi-tsentralnoy-azii/



# ЭКИНЧИ БӨЛҮК

**Султанов Эмил**
*(КР УИА ТАЭИнун археология бөлүмүнүн илимий кызматкери),*
*+996(755) 007079, emil0782@mail.ru,*

**Ырысбеков Адилет**
*(КР УИА ТАЭИнун археология бөлүмүнүн аспиранты),*

**Осмонов Сатимбай** *(т. и. к., Ош ТУнин улук окутуучусу),*

**Эргешов Турдумамат**
*(КР тарыхчылар ассоциациясынын мүчөсү)*

## ГҮЛЧӨ ДАРЫЯСЫНЫН ТӨМӨНКҮ АГЫМЫНДА ЖАЙГАШКАН АРХЕОЛОГИЯЛЫК ЭСТЕЛИКТЕР *(КЫЗЫЛ-СУУ АЙЫЛЫНЫН АЙМАГЫ).*

Бул илимий отчётто 2020–2021 жж. Кызыл-Суу айылынын тургуну Турдумамат Эргешовдун жеке чакыруусу жана анын каржылоосу менен Кыргыз Республикасынын Улуттук илимдер академиясынын Тарых, археология дана этнология институтунун, археология бөлүмүнүн кызматкери Эмил Султанов, Ош областынын, Кара-Суу районунун аймагында жайгашкан Кызыл-Суу айлынын (Гүлчө суусунун төмөнкү, Куршаб суусунун жогорку агымы) аймагында чалгындоо жумуштары жүргүзүлгөн. Изилдөөлөрдүн натыйжасында коло доорунан тартып орто кылымдарга чейинки шаар чалдыбарлары, турак жайлар жана көрүстөндөр табылган жөнүндө баяндалат.

2020–2021 жж. Ош областынын, Кара-Суу районун, Кызыл-Суу айылынын аймагында археологиялык чалгындоо иштери жүргүзүлгөн. Чалгындоо жумуштарынын негизги максаты болуп жаңы археологиялык эстеликтерди ачып, алардын үстүнөн алгачкы изилдөө иш аркеттерин жүргүзү (визуалдык кароо, сүрөткө түшүрүү, картасын түзүү ж.б.) болгон.

Чалгындоо иштери Гүлчө дарыясынын төмөнкү агымынын эки жээгинде жүргүзүлгөн, натыйжада түздүктө жана тоо этектеринде бир нече тарыхый-археологиялык эстеликтер ачылган. Алардын катарында эки палеонтологиялык катмар камтылган жерлер да табылган, бул катмарларда, негизинен байыркы суу алдында жашаган жаныбарлардын калдыктары сакталып калган.

Алгач, изилдөөлөр эстеликтердин жайгашуусу боюнча үч микроландшафтык аймака бөлүнгөн – тоолу, тоо алдындагы аймак жана түздүктө жайгашкан эстеликтер.

Гүлчө суусунун төмөнкү (Куршаб дарыясынын жогорку) агымы ландашафтык түзүлүшү боюнча жалпы Фергана тоо кыркасы сыяктуу тик аска-зоолу, кууш капчыгайлардан түзүлгөн. Мындай шарттар, бул аймакта өзгөчө микроклиматтык шартты түзүп, дыйканчылык жана мал чарбачылыгына өтө ыңгайлуу болгон. Ушул себептен, бул аймакта элдер байыртадан бери жашап келишкен.


Байыркы мезгилде Фергана өрөөнү Тетис деңизинин алдында жайгашкандыктан, бул аймактан көптөгөн суу жашоочуларынын калдыктарын табууга болот. Бул мезгил геология илиминде мел (кырг. бор) доору деп аталат (таблица 1). Мел доору мезозой доорунун финалдык мезгили болуп, жер үстүндө климаттык жана тектоникалык (жер алдындагы кыртыштардын кыймылы) процесстер активдүү түрдө кыймылга кирген, аталган процесстер 145 млн. жыл мурда башталып, климаттык өзгөрүүлөрдүн натыйжасында суунун деңгээли көтөрүлгөн. Ал эми, кайнозой мезгилине өткөн учурда, тектоникалык кыймылдын натыйжасында Тянь-Шань, Памир-Алай тоолорунун жер алдындагы кыртышы бири бирине карама-каршы жүргөндүктөн, ортосунан Фергана тоосу өсүп чыккан, бул жүрүмдөрдүн натыйжасында Фергана өрөөнүндөгү Тетис дарыясы кургап, суу жаныбарлары кыйроого учурган, алардын калдыктары, азыркы күндө Бөөн-Жар капчыгайында жана Кызыл-Суу айылынын жогорку аймактарында бор мезгилине таандык суу алдында жашаган аммониттердин жана люсинды деп аталган кош капкактуу бөөндөрдүн калдыктары далилдеп турат (сүрөт 1 (а,б,в) – 4).

*Таблица 1.*

| Эра | Период | Эпоха | Южно-Тяньшаньская область Восточная Фергана | Северо-Тяньшаньская область Алабуга-Арпа |
|---|---|---|---|---|
| Кайнозойская | Q | Раннечетвертичная | Бактрийская серия | Шарпылдакская свита |
| | Неоген | Плиоцен | | Нарынская свита (с 3 подсвитами) |
| | | Миоцен | Массагетская серия | Киргизская свита |
| | Палеоген | Олигоцен | | |
| | | Эоцен | Нерасчлененные палеогеновые отложения | Коктурпакская свита |
| | | Палеоцен | | |
| Мезозойская | Мел | Поздний мел | Турон-сенонская толща | |
| | | Ранний мел | Чангетская серия | |
| | Юра | Поздняя юра | Кошбулакская свита | |
| | | Средняя юра | Зинданская свита | |
| | | Ранняя юра | Нижнеюрские отложения | Нижнеюрские отложения |
| | Триас | Поздний триас | Конинская свита | |



Сүрөт 1. Байыркы бор дооруна таандык люсинды аттуу суу жаныбарларынын калдыктары.



Сүрөт 2. Байыркы бор дооруна таандык люсинды аттуу суу жаныбарларынын калдыктары жайгашкан катмар.






Сүрөт 3. Байыркы бор дооруна таандык люсинды аттуу суу жаныбарларынын калдыктары жайгашкан катмар.



Сүрөт 4. Байыркы бор дооруна таандык люсинды аттуу суу жаныбарларынын калдыктары жайгашкан катмар.



*Сүрөт 5. Жаан-чачындын натыйжасында сел жүрүп, сайлар тереңдеп, кеңейүүдө.*

Азыркы күндөгү Кызыл-Суу айылынын рельефтик-ландшафтык түзүлүшү бийик тоолордон, жапыс адырларга өтүп, андан кийин Гүлчө суусунун эки жээгинде жайык жерлер менен түзүлгөн, ал эми Гүлчө суусу, климаттык шарттарга байланыштуу көбөйгөн учрда, жээктерди талкалап суунун нугун кеңейтүүдө.

Кызыл-Суунун аймагынын жер кыртышынын төмөнкү катмары аллювиалдык (сай шагылы) жана пролювиалдык (тоодон агып түшкөн таш-топурак) катмардан түзүлүп, ал эми муз доорунда чаң-топурактын минералдлык түзүлүшүнүн өзгөрүүсүнүн натыйжасында пайда болгон лёсс (чопо) топурактары үстүнкү катмарды түзөт.

Аймактын рельефи Гүлчө дарыясынын агымы тарапка карай эңкейиштеп, ∟12-30° түзөт. Негизги түздүк жери суунун түштүк-батыш жагында жайгашып,




азыркы күндө ал жакта айылдар жайгашкан. Деңиз денгээлинен 1200-1300 м. бийиктикте жайгашкан.

Кызыл-Суу айлынын аймагында археологиялык эстеликтер Гүлчө суусунун эки жээгинде, жана капчыгайлардын ичтеринде орун алган. Чалгындоо учурунда коло доорунан тартып кечки орто кылымдарга чейинки археологиялык эстеликтер табылган.

Коргон (N40°25'54,17" E73°15'18,51") Кызыл-Суу айылынын батыш жагында жайгашкан, азыркы күндө 24м×30м. түзгөн төрт чарчы курулуштун калдыгын жер үстүндө байкоого болот. Дубалдын калдыктарынын калыңдыгы айрым жерлеринде 3 м. чейин жетет, жер үстүндө 0,3 м. бийктике чейин сакталган. Курулуштун түндүк-батыш бурчунда бир бөлмөнүн калдыгын, ал эми чыгыш жагында эки бөлмөнүн калдыктарын байкоого болот. Эстеликтин аймагын карoo учурунда эч кандай буюм табылган эмес, ошол себептен эстеликтин түндүк-батышында жайгашкан бөлмөнүн ордунда казуу иштери жүргүзүлгөн, чалгындоочу казуу учурунда темирден жасалган сокконун башы табылган, ошондой эле карапа идиштин сыныктары табылган. Табылган буюмдардын негизинде эстелик XIV-XVкк. таандык экени аныкталган. Жергиликтүү элдерди сурамжылоо учурунда, алар бул жерде курулуш бар экендигин билген эмес, алардын айтымында бул жерде бир нече жолу суу ташкыны жүрүп турган. Ошол себептен эстеликтин үстү жагында жайгашкан заттар суу менен агып бүгүнку күндө сакталбай калган (сүрөт 6, план 1).



*Сүрөт 6. Коргондун SAS Planet тен алынган космосүрөтү.*



*План 1. Колго тартылган сүрөт.*

***Көрүстөн*** б.з. I–II кк. (N40°25'49,01" E73°16'15,46") Гүлчө суусунун сол жагында жайгашкан теткирде орун алган. Азыркы күндө эстел икте 10 коргон (курган) орун алган. Эстеликтин аймагы айыл чарба иштерине байланыштуу көп жылдан бери иштетилип келгендиктен, майда коргондор талкаланып жок болушу мүмкүн. Сакталып калган коргондордун дөбөлөрү таш жана топурак менен үйүлгөн, коргондордун диаметри 3 – 8 м. түзөт, бийктиги 0,4 – 0,8 м.(сүрөт 7).





*Сүрөт 7. SAS Planet тен алынган космосүрөтү.*

***Байыркы шаар чалдыбары (Омардын дөбөсү)*** (N40°26'31,87" E73°15'45,65") Гүлчө суусунун оң жагында жайгашкан, эстеликтин сакталган түзүлшүү боюнча шоробашат маданиятынын комплкесткерине окшоштугу бар, шоробашат маданиятына таандык эстеликтер Жазы – Кара-Кулжа суу ортолугунун жээктеринде жайгашышкандыгын 1960–1970 жж. орус окумуштуусу Ю.А. Заднепровский изилдеп белгилеген. Бирок акыркы жылдардагы изилдөөлөр көрсөткөндөй, шоробашат эстеликтери жалпы Ош жана Жалал-Абад областарынын аймактарында кеңири тараган.

Эстеликтин микротопографиясы төмөндөгүдөй түзүлгөн, шаар Сары-Кыр тоонун жана Гүлчө дарыясынын ортосунда жайгашкан, эстеликтин түндүк-батышында Кызыл-Суу сайы, ал эми жана түштүк-чыгышында Кара-Тар-ата сайы жайгашкан, эки сайдын ортосу түздүк болгондуктан коло доорунда сууга жакын жеринде алгачкы турак жай орун алган,

ал эми эрте темир доорунда ал турак жай өркүндөп өсүп алгачкы шаарга айланган, административдик курулуштар (цитадель), эстеликтин түштүк-батыш тарабында жайгашкан. Бүгүнкү күндө цитаделдин түштүк-батыш бөлүгү айылдын ичинде жол куруу учурунда талкаланган, бузулган жеринде шаардын маданий катмарын байкоого болот. Эстеликтин жалпы аймагы 266х166 м. түзөт.Ал эми цитаделдин көлөмү 97х50 м., бийктиги 12 м. түзөт.

Жогоруда белгиленгендей, цитаделдин бузулган жерин карoo учурунда үйдүн калдыктары табылган, үйдүн пайдубалы сай таштарынан тизилип, дубалы пахса менен көтөрүлгөн. Эстеликтин айланасын карoo учурунда, карапа идиштердин сыныктары табылган, алар жасалган ыкмалары боюнча 3 доорго таандык экени аныкталган (сүрөт 8-11):

1) төмөнкү катмары кечки коло дооруна таандык карапа идиштин калдыктары (аз санда кездешет) - б.з.ч. XIV – XI кк., коло доорунда Кара-Суу районунун, түздүк аймактарында негизинен чуст маданиятына таандык уруулар жашаган, алардын негизги чарбасы дыйканчылык болгон, ошону менен бирге мал-чарбачылыгы болгон. Дыйканчылыктын негизинде, бул уруулар бир жерде отурукташакандыктан, сууга жакын жерлерди өздөштүргөн.

2) экинчи катмары эрте темир дооруна таандык, изилденген эселикте эки эрте темир доорунда өкүм сүргөн эки маданияттын калдыктары кездешет

*а)* актам-эйлатан мезгилинин акыркы ченинде б.з.ч. VI – IV кк. коло дооруна таандык турак жайлардын үстүндө мал-чарбачылыгы менен алектенген



уруулар отурукташат, бирок жогоруда аталгандай алар мал-чарбачылыгы менен байланыш болгондуктан, бир жерде көп жашаган эмес, ошол себептен, бул маданиятка таандык турак жайлар аз табылат,

*б)* шоробашат маданияты, алгач, 1960-ж. Ю.А. Заднепровский тарабынан, Өзгөн районун Шоробашат (азыкры Бостон айылынын аймагында жайгашкан) эстелигин изилдеп чыгып, анын өзгөчөлүгүнүн негизинде шоробашат маданиятын бөлүп чыккан, бул маданиятб.з.ч. IV–II кк. өкүм сүргөн.

Бул мезгилде Фергана өрөөнүндө Даван мамлекети жөнүндө кытай тарыхчысы Сыма Цяньдын «Ши Цзы» аттуу чыгармасында Даюань деп аталган мамлекет, алардын чарбасы жөнүндө кеңири маалымат калтырылган, ал маалыматтарга ылайык, Даван мамлекети 70 ашуун шаар-мамлекеттерден (байыркы гректтерде *полис* деп аталган) турган биркмеден түзүлгөн, ошолордун ичинде Омар дөбө шаар чалдыбары да болушу мүмкүн.

Даван бириккен мамлекети кытай генералы Ли Гуанлинин чабуулунун натыйжасында кыйрап жок болгон. Алгач, Ли Гуанли Даван мамлекетинин борбор шаары Эршиден 70 км. алыста жайгашкан Ю шаарында жайгашкан, ошол шаардан Даван башкаруучуларына талабы менен кайрылган. Окумуштуулардын божомолу боюнча ал шаар азыркы Өзгөн шаары болушу мүмкүн. Ли Гуанли кытай императору У Динин талабын жеткирип, Даван бакаруучуларына убакыт берген, бирок сюнну урууларынын күчөшү менен У Ди Ли Гуанлиге элчи жөнөтүп, Даван мамлекетин тез арада кыйратып, алардын жылкыларын алып келүүсүн талап кылган, ал

буйруктун негизинде б.з.ч. 102 ж. Ли Гуанли Даван мамалекетин кыйроого учуратып, мамлекеттин башына Мэйцайды отургузат, бирок ал башкаруучу даван ак сөөктөрү тарабынан өлтүрүлүп Угуа Чаньфэн башкаруучу болуп дайындалат.

Кийинки мезгилдерде археологиялык табылгалардын негизинде аныкталгандай, Даван мамлекетинин ордунда көчмөн элдердин компоненттери бар уруулар отурукташып Кушан мамлекетинин курамына кирген, кийинчерээк, ал көчмөн элдер Кушан мамлекетин башкарган династияларды кыйратып бийлике келишкен.

Фергана өрөөнүндө, бул мезгилге таандык эстеликтер мархамат мезгили деп аталып калган, мындай аталыш Өзбекстандын аймагында жайгашкан Мархамат айлынын чет жагынан изилденген эстеликтин атынан келим чыккан. Мархамат мезгилине таандык эстелктердин, мурдагы шоробашат маданиятынан айырмачылыгы фортификациялык (коргонуучу) курулуштардын жок болгондугу менен, ошондой эле үч бурчту, тик курулуштар менен айрымаланып турат.

